**“Нарындан тапкан махабат”**

Сөзү: Дүйшеев Шайлообек

Обону: Актанов Табылды

Ал кезди жүрөк унутпай,
Атыңды атайм угузбай.
Ашыккан мендей бирөөнүн
Арзуусун айтар булуттар.

Көралбас көздөр бизге деп,
Көп ушак кылар тизмелеп.
Көрсөтпөй тилейм ичимден,
Көз тийбесе экен сизге деп.

Басынып өңдөн азармын,
Баарын сиз үчүн жасармын.
Жараткан жалган дүйнөдө,
Жалгыз сиз үчүн жашармын.

Ансыз да өмүр азаят,
Аз чыгар сиздей азамат.
Насыят болсун түбөлүк,
Нарындан тапкан махабат.